## 2-секция. Социалдык-гуманитардык илимдер, 2010-жылдын апрели: окуялар, фактылар

**Токоева Г.С.** - филос. и.к., доцент

### *Кыргызстандагы элдик революциялар жана коомдук аң сезим маселелери*

Кыргыз Республикасынын постсоветтик өнүгүүсү түрдүү маанайды жараткан саясий окуялар менен коштолот. Акаевдик бийликтин кризисинин жетилгендигин 2005-жылдын 24-мартындагы элдик революция далилдей алды. Ал эми К.Бакиевдин президенттик мезгилинин сабактары азыр көрүнүп жатат. Азыркы учурда эки элдик революцияга карата ар кандай пикирлер айтылып жатат. Ал пикирлердин арасында элдин аң сезими, коомдук активдүүлүк жөнүндө да түрдүү ойлор бар. Ушуга байланыштуу бул чакан макалада коомдук аң сезим маселесине токтолууну туура көрдүк.

Баарыбызга белгилүү болгондой коомдун рухий турмушунда рухий ишмердүүлүк негизги ролду ойнойт. Аны аң сезимдин ишмердиги катары кароого болот жана реалдуулук жөнүндө адамдардын белгилүү бир ой пикири, сезимдери, көз караштары калыптанат. Мындай ишмердүүлүктүн жыйынтыгы болуп адамдардын белгилүү бир көз караштары, моралдык, этикалык, эстетикалык, диний көз караштары эсептелет. Бул баалуулуктар моралдык принциптерде, жүрүм-турумдун нормаларынан көрүнөт. Рухий ишмердүүлүктүн негизги түрткү берүүчү күчү катары рухий керектөө чыгат.

Ушундай рухий баалуулуктардын тизмегинде адамдардын коомдук аң сезими турат. Коомдук аң сезим маселеси татаал түзүлүштөгү кубулуш. Ал кандайдыр бир структуралык бүтүндүк катары өзүнүн курамына бири бири менен карым катнашта турган элементтерди камтыйт. Андай элементтер катары турмуштук аң сезим, теориялык аң сезим, коомдук психология, идеология эсептелет. Бул тизимге коомдук аң сезимдин формалары да кирип кетет. Алар: саясий идеология, укуктук аң сезим, мораль, дин, искусство, илим жана философия. Ошентип, коомдук аң сезим өзүнүн келип чыгышы, андан ары өнүгүшүнүн механизми менен эле социалдык жактан шартталбастан ал жашап турушу жана тарыхый миссиясынын мүнөзү боюнча да феномен катары каралат, коомдун атрибуту болуп эсептелет. Коомдук аң сезим реалдуулуктун бир түрү катары коом бытиеси менен салыштырылып каралат жана бир мейкиндикте анализденет. Коомдук аң сезим коомдун прогрессинде активдүү стимулятору же анын өнүкпөй туруусунун механизми болуп калат. Коомдук аң сезимдин кайра куруучу күчү бытиенин бардык формаларына таасир этет жана анын өнүгүүсүнүн маңызын ачып, алдын ала сереп салат.

Коомдук аң сезим вертикалдык жана горизонталдык ракурста каралат, анын вертикалдык жагын коомдук аң сезимдин деңгээлдери, ал эми горизонталдык жагы формалары аркылуу көрүнөт.

Эң алдын турмуштук аң сезим, анын адам жашоосундагы орду жана теориялык аң сезим маселесине токтолууну туура көрдүк. Анткени ар кандай эле революциялар аңдалып билинген, түшүнүлгөн ишмердүүлүктүн негизинде жасалганы жакшы. Ушундан улам суроо пайда болот: Кыргызстандагы революциялар аң сезимдүү түрдө максаты, милдети аныкталып жасалып жатабы?. Бул суроого жооп бергенден мурда ошол эле аң сезим маселесине кайра кайрылалы.

Аң сезимдин төмөнкү деңгээли болгон турмуштук аң сезим коомдук турмушту, андагы процесстерди, кубулуштарды аңдап билүүсүнүн үстүртөн экендиги, жалпыланган деңгээлде экендиги менен мүнөздөлөт. Мындай аң сезим бардык адамдарга таандык жана күнүмдүк турмуштук тажрыйбада калыптанат. Бул чындыкты стихиялуу түрдө, системага

салынбаган абалда, эмпирикалык тажрыйбанын негизинде чагылдыруу деп айтса болот. Адамдардын билими канчалык төмөн болсо коомдук турмуш жөнүндө ошончолук төмөнкү деңгээлдеги турмуштук аң сезим менен ой жүгүртүшөт. Бирок канчалык билимдүү болгон учурда деле кээде турмуштук аң сезимдин деңгээлинде ой жүгүрткөн жагдайлар кездешет. Андыктан мындай деңгээлдеги ой жүгүртүү кеңири кездешет. Бул аң сезим эмоционалдуу же кайдыгер караган маанайды жаратат. Ошондой эле турмуштук жана теориялык аң сезимди бири бирин алмаштырат деп айтууга болбойт, бирок бири бирине тыгыз таасир этүү абалында болот. Теориялык аң сезим турмуштук аң сезимдин түрүн өзгөртүүгө жөндөмдүү. Буга карабастан турмуштук аң сезим зарыл болуп эсептелет, ал күнүмдүк турмушта эмпирикалык жалпылоолор аркылуу көрүнүп турат. Натыйжада, турмуштук аң сезим – коомдун социалдык жана жаратылыш дүйнөсүн түшүнүүнүн алгачкы формасы, адам бытиесиндеги обңективдүү түрдөгү шартталыш, ал өзүнүн сапаты боюнча тарыхый жактан өзгөрүп турат. Айталы орто кылымдардагы турмуштук аң сезим илимий көз караштардан алда канча алыс болгон, ал эми азыркы кездеги турмуштук аң сезим диний-мифологиялык көз караштан ажыраган жана илимий билимдер менен сугарылган, бирок жеке көз караштарга байланган аң сезим катары көрүнөт.

Коомдук аң сезимдин формалары бири бири менен бир нече түрдүү критерийлер аркылуу айырмаланат. Биринчиси, чагылдыруунун предмети боюнча. Мисалы, саясий аң сезим бийликке карата болгон мамилени жана таптар, улуттар, мамлекеттер аралык мамилени чагылдырса, диний аң сезим адамдын жер бетиндеги жашоосунун көз карандылыгын кудайга байланыштырып карайт. Экинчиден, коомдук аң сезим чагылдыруунун формасы боюнча айырмаланат. Айталы, илим чындыкты түшүнүк, гипотеза, теория, модель формасында берсе, искусство болсо көркөм образдар аркылуу чагылдырат, динде чиркөөнүн же мечиттин окуулары аркылуу, моралда – нравалык сезимдер, нормалар, баалуулуктар, идеалдар менен берилет. Мында илим жана философия өтө жакын болуп көрүнөт, бирок алар формасы жагынан айырмаланат. Үчүнчүдөн, коомдук аң сезимдин формалары өздөрүнүн өнүгүүлөрү боюнча да айырмаланышат. Илим менен искусствонун өнүгүшүн салыштыра турган болсок, илимдин өнүгүшүнөн таанымдын өсүп өнгөндүгүн көрөбүз жана бул алдыга жылдырат, ал эми искусстводогу прогресс өнүгүүгө алып келе турган көрсөткүч боло албайт. Төртүнчүдөн, коомдук аң сезимдин формалары алар аткарган социалдык функциялары менен да айырмаланат. Мында алардын ортосундагы практикалык айырмачылыктар негизги мааниге ээ болот. Аткарган кызматынын ар түрдүүлүгүнө жараша коомдук аң сезимдин формаларынын өзгөчөлүгүн айырмалап көрсөтөт. Мисалы, илим таанып билүүчү жана практикалык милдетти аткарса, искусство болсо таанып билүүчү, тарбиялоочу, эстетикалык жана идеологиялык милдетти аткарат. Моралдык аң сезим нравалык жактан калыптанган, адам жүрүм-турумунун, мамилелеринин ченемин калыптандырууга багытталат.

Ошентип, социалдык функциялар аң сезимдин бардык формалары коомдун жашоосундагы ордун жана ролун аныктайт. Ушундай мааниде алып караганда коомдук аң сезимдин бардык формаларын эки чоң топко бөлүүгө болот. Биринчи топко саясий аң сезим, укук жана мораль кирет да адам мамилелерин жөнгө салуу менен байланышкан. Бул социалдык чындыкты өздөштүрүүдөгү рухий-практикалык формалар катары көрүнөт. Экинчи топко илим, искусство, философия кирет жана чындыкты рухий, рухий-практикалык жактан үйрөнүү формасы катары көрүнөт. Бул эки топтун ортосунда дин турат жана дүйнөкараштын формасы, адам мамилелеринин жөнгө салуучусу катары каралат.

Коомдук аң сезимдин ар түрдүү формада көрүнүшү ага көп түрдүүлүктү, түрдүү боекторду, ар түрдүү ченемди берет жана анын бай кубулуш экендигин көрсөтүп турат.

Мындан сырткары коомдук аң сезимдин формалары жана деңгээлдери өз ара бири бирине өтүп турат. Мисалы, идеологиялык аспект коомдук аң сезимдин баарынан кездешет. Ал эми саясий аң сезимде ал аныктоочу мааниге ээ.

Коомдук аң сезимдин формалары бири бири менен аракеттенип, таасир этип, бири экинчисин толуктап турат. Мында коомдук аң сезимдин формаларына жана алардын ортосундагы өз ара таасир этүүсүнө тарыхый жактан мамиле жасоо зарыл анткени коомдук аң сезимдин ар бир тарыхый формасына өзгөчө тиби таандык. Мисалы, орто кылымдарда, кайра жаралуу доорунда коомдук аң сезимдеги үстөмдүк кылуучу форма катары дин эсептелген, илим начар өнүккөн, коомдук аң сезимдин калган формалары диний боекту алып жүргөн түстө өнүгүп келген. Капиталисттик өндүрүштүк мамилелер үстөмдүк кылган доордо биринчи планга саясий, укуктук аң сезим жана илим чыгат, бирок дагы деле диндин таасири чоң болгон.

Укуктук аң сезим да коомдук аң сезимде чоң роль ойнойт. Бул коомдо кабыл алынган юридикалык мыйзамдардын, нормативдердин сапатына карата баа берүүлөрдү жана билимдерди билдирүүчү коомдук аң сезимдин формасы. Укуктук аң сезимди саясий жана нравалык аң сезимдин ортосундагы абал катары түшүнсө болот. Саясий аң сезимден айырмаланып ал жеке инсандык категориялар аркылуу ой жүгүртөт жана саясий бийликтин субңектиси катары мамлекетке баш ийбестен, түздөн түз баш ийүүнү талап кылган сырткы жөнгө салуучу жана андан белгилүү бир баалоону алып келген күч катары каралат. Нравалык нормадан айырмаланып укуктук аң сезим милдет жана адилеттүүлүктү мамлекеттик мыйзам деңгээлинде карайт жана аны бузуулар укуктук санкциялар менен коштолот. Эгерде саясий аң сезим обңективдүү түрдөгү социалдык-экономикалык кызыкчылыктарга байланыштуу калыптанса, укук рационалдуу-нравалык баалоого багытталат. Укуктун турмуштук-практикалык деңгээлинде аракеттеги мыйзамдар нравалык талаптарга дал келгендиги менен бааланат, ал эми теориялык укуктук аң сезим аракеттеги укукту саясий мааниси жана анын коомдук түзүлүштүн талаптарына дал келиши аркылуу карайт.

Укук нравалык коомдук аң сезим байланышта экендигин белгилеп кеттик ошого байланыштуу нравалык аң сезим маселесине токтололу. Бул адамдын ишмердүүлүгүн баалоо жана жалпы кабыл алынган нормативдерди чагылдыруу жүргөн коомдук аң сезимдин негизги баалуулукту аныктоочу формасы. Нравалык аң сезим саясий жана укуктук аң сезимден айырмаланып инсан аралык мамилени жана адамдын өзүнүн жеке «Менин» баалаган позицияны чагылдырат. Нравалык аң сезимдин калыптанышы тарыхый өнүгүүнүн алгачкы этаптарында обңективдүү зарылдык катары аныкталат.

Нравалык нормалардын өзгөчөлүгү мында турат. Эгерде укуктун нормалары калыптандырылып, турмушка мамлекеттик мекемелер аркылуу турмушка ашса, нравалык аң сезимдин нормалары адамдардын түздөн түз практикалык жүрүм-турумдары, карым-катнашы, алардын биргелешкен жашоосу, тарыхый тажрыйбасынын бекемдөөсү жана чагылдыруусу катары калыптанып, жашап турат. Нравалык нормалар коомчулук тарабынан таанылып, юридикалык күчкө ээ болбостон туруп эле жалпы баалуулук катары кабылданат.

Нравалык аң сезимдин башаты үрп адаттан улам келип чыккан, ал коомдун жана адамдын керектөөлөрүнө, кызыкчылыктарына жооп берип, коомго пайдалуу болуп келген. Нравалык аң сезим абийир, ар намыс деген нравалык категориялар аркылуу аныкталат. Нравалуулук коомдун өнүгүүсүнүн жана анын гумандашуусунун фактору.

Ал эми Кыргызстанда болсо нравалык аң сезимдин, адеп ахлактын ар бир инсанда белгилүү деңгээлде жетишерлик болбой, коомдук өнүгүүгө терс таасирин тийгизип жатканын айтууга болот. Нравалык жактан канчалык өнүксө коом да ошончолук деңгээлде

бекем болооруна шек жок. Нравалык аң сезим да жогорудагыдай эле эки деңгээлден турат. Ал күнүмдүк-турмуштук жана теориялык. Эгерде турмуштук-нравалык аң сезим деңгээлинде коомдун реалдуу нравасы чагылдырылып, аракеттеги, кеңири таралган нормалар же баалуулуктар коомдун социалдык-экономикалык түзүлүшүндө бекеделе турган болсо, теориялык деңгээлинде мораль түшүндүрүлөт. Моралдын пайда болушу коомдук аң сезимдеги төңкөрүш десе да болот.

Коомдук аң сезим маселесин караганда эстетикалык жана диний аң сезимге да токтолуу туура, анткени чындык жана жакшылык, сулуулук жана кооздук, адептүүлүк жана толеранттуулук түшүнүгү жок коомдук жашоону элестетүү мүмкүн эмес. Эстетикалык аң сезим адамдын жана коомдун ички өз ара байланышкан гармониялык биримдигин камсыз кылган рухий негиз, ал бүтүндөй бир бирдиктүү мүнөзгө ээ. Эстетикалык аң сезимдин жаратылышы жалпылап алганда эстетикалык аң сезим жана анын жогорку, жеке көрүнүшү болгон искусство аркылуу ачылып берилет. Ошондуктан эстетикалык аң сезимдин алдыңкы көрүнүшү искусство эстетикалык кооздукту чагылдыруунун куралы десе да болот. Коомдук аң сезимдин курамында диний көз караштар да чоң роль ойнойт. Анткени бул адамдын рухий керектөөлөрүнүн бирине дал келген диний көз караштардын жыйындысы. Бул жөнүндө азыр токтолбой эле кетүүнү туура көрдүк, себеби бул макаладагы негизги максат саясий аң сезим маселесине байланыштуу болуп жатканын айта кетели. Ошондуктан кайрадан ошол багытка буралы.

Башында белгилеп кеткендей Кыргызстандагы болуп өткөн эки революциянын жүрүшүндө саясий аң сезим кандай роль ойногон ушул маселени талдап көрөлү. Кыргызстандагы эки революциянын сабактары көрсөткөндөй коомдук аң сезимдин негизги формасы болгон саясий аң сезим жетишээрлик деңгээлде калыптанбагандыгын көрсөттү. Революциялык күчтөрдүн саясий кызыкчылыктарынын ар түрдүүлүгүн же эч бир саясий кызыкчылык жок эле, тигил же бул талапты койбостон туруп эле Ак үйдү басып алуу, талап-тоноо иштерине катышкан «атуулдар» пайда болгонуна күбө болдук. Эгерде атуулдарыбыз саясий жактан сабаттуу болгондо анда ордо калаанын борборунда жайгашкан чет элдиктерге сыймыктанып айтып жүргүн мрамордон курулган ак сарайыбыз таланып тонолбойт эле, шаарга көрк берип турган чоң-чоң имарат жайлардагы соода борборлору тонолбойт эле, өрттөлүп күлгө айланмак эмес. Ушундан улам айтууга болот. Биздин кыргыз элинин аң сезиминде революция жасоо зарыл. Саясий маданиятты, нравалык адептүүлүктү, моралдык принципиалдуулукту, эстетикалык баалуулукту сактоону калыптандыруу зарыл экендигин аңдап билдик.

Мына ушундай сапаттарды калыптандыруу үчүн саясий сабаттуулукту арттыруу маселеси негизги орунга коюлушу жөндүү болмок. Теориялык жагына кайрыла турган болсок, саясий аң сезим байыркы доордо пайда болуп, мамлекет, мамлекеттик бийлик түшүнүктөрүн аңдап билүү менен байланышкан. Саясий аң сезим – бул таптардын өндүрүштүк-экономикалык, коомдук мамилелеринин жыйындысы, жана алардын, жалпысынан алып караганда, мамлекеттик бийликке болгон мамилелеринин топтому. Саясий аң сезим бир өңчөй эмес, ал бардык таптардын, катмарлардын мамлекетке, бийликке болгон мамилелеринин областын камтыйт. Таптык коомдо сөзсүз түрдө саясий кызыкчылыктардын кагылышуусу болуп турат. Ал кагылышуу мамлекеттик бийликке байланышуу болот. Мамлекеттик бийликтин түзүлүшү саясий ой жүгүртүүнүн негизги проблемасы. Белгилүү бир түзүлүш үчүн болгон саясий күрөш ар кандай формада болуп келген. Ал ачык айкын талкууланган социалдык проблемадан, парламенттик дискуссиядан, экономикалык талаптардан баштап күч менен басылып алынган төңкөрүш же социалдык революцияларга чейин болгон.

Саясий кызыкчылыктар обһективдүү, анткени алар ар бир адамга таасир этет да ачык же жашырынган формада болот. Ар бир коомдун жашоосунда саясий кызыкчылыктар жашап келген жана ал курч социалдык карама каршылыктарды топтоштурган. Саясий кызыкчылыктар ар кандай активдешкен коомдук бирикмелердин жана социалдык кагылышуулардын негизи болуп келген. Мындай күрөштө баары – илим, искусство, дин ж.б. саясий аң сезимдин обһектиси боло алат, баары идеологиялык дискуссиянын сферасына катышат. Социалдык-экономикалык эле турмуш саясий кызыкчылыктарга көз каранды болбостон, рухий турмуш да ага байланышып калат.

Ушуга байланыштуу саясий аң сезимдин эки деңгээли айырмаланат. Биринчиси – турмуштук-практикалык саясий аң сезим. Стихиялуу түрдө пайда болуп, адамдардын практикалык ишмердүүлүгүнөн, социалдык тажрыйбасынан, түздөн түз мамилесинен өсүп чыгат. Бул саясий аң сезим стабилдүү эмес, эмоцияга жана өзгөрүлүп жаткан турмушка көз каранды болуп туруксуз абалда кездешет. Бирок ошол эле учурда ал өсүп турат жана ойломдун ийкемдүүлүгүнө таасирин тийгизет. Ал эми теориялык саясий аң сезим так, тарыхый жана коомдук жактан негизделген саясий программаны иштеп чыгат. Көпчүлүк учурда бул идеология катары каралат. Мында жашап турган реалдуулук пассивдүү изилденбестен, коомдук аң сезимге активдүү таасир этүүгө багытталган стратегиялык жана тактикалык система катары каралат. Ар кандай таптардын же топтордун саясий кызыкчылыгы реалдуу саясий күрөшкө кириш үчүн ал атайын калыпка салынган идеологиялык теорияга айланыш керек жана коомдун өнүгүүсүнүн перспективасын аныктаган болушу зарыл.

Идеологияны калыптандыруу атайын жана өз алдынча адамдардын топтору тарабынан ишке ашырылыт. Ар кандай эле тап өзүнүн идеологдорун жаратат, алардын саясий кызыкчылыктарын теориялык жактан билдире ала турган абалда болушу керек. Мында идеологдун өзү да саясий кызыкчылыктардын теориясына таасирин тийгизет.

Мисалы айталы Европадагы ар түрдүү этаптарда болгон революциялар же жакынкы жылдардагы эле Кыргызстандагы эки революцияны алалы. Мында карапайым калк лидерлерди же белгилүү инсандарды, ой пикирлери дал келгендигинен ээрчип жүрүштү. Революциянын жүрүшүндө белгилүү инсандар, лидерлер, же айталы идея берүүчүлөр негизги чечүүчү ойлорду айтып багыттап турушкан. Ал эми Кыргызстандагы революцияларды алсак ал Европадагы 18-19-кылымдардагы же Россиядагы 1917-жылдагы революциялардан айырмаланып турат, аны менен салыштыруу кыйын.

Аягында жогорудагы берилген суроого жооп издеп көрөлү. Чындыгында эле Кыргызстанда болуп өткөн революциялардын максаты эмнеде, эмнени көздөп жатат, кайда багытталган, кимдин кызыкчылыгы жогору коюлган, кайсы жолдор менен бара жатат? Ушул сыяктуу суроолор аңдалып билинбеген негизде эле иш аракеттер жасаган инсандарыбыз болгон. Жеке өзүнүн кандай максаты бар, ал жалпы элдик кызыкчылыкка дал келеби же жеке өзүнүн саясий максаттарын ишке ашыруу үчүн саясат менен эч бир иши болбогон карапайым элди артынан эрчитип жатабы ж.б.у.с. маселелер талдоону талап кылат. Бул эми башка маселе. Негизгиси акыркы мезгилдеги окуялар кыргыз коомчулугунда саясий жактан төңкөрүш эле жасоо максатын көздөбөстөн аң сезимдин өзүндө кескин түрдө жаңылануусун, аң сезим революциясын жасоону талап кылат. Жалпы коомдук аң сезимде мекендин ыйыктыгын, өлкөбүз геосаясат майданында өз алдынча, башка Борбордук Азия мамлекеттеринин катарында теңата болуп, экономикалык жактан көз каранды эмес мамлекет катары өнүгүшүнө кам көрүү жөнүндө ойлонгонубуз зарыл. Саясий, укуктук, моралдык-нравалык жактан өнүккөн инсанды калыптандыруу коомдук аң сезимдеги алдыга ташталган кадам болмокчу. Акырында эмне демекчибиз, мамлекетибизде саясий стабилдүүлүк орноп, экономикалык жактан көз карандысыз абалга

жетип, коомдук ай сезим илим жана маданиятты өнүктүрүү, жаңыча ой жүгүрткөн инсанды калыптандыруу багытында болсун деген ойду айтмакчыбыз.

***Адабияттар***

1. *Брудный А.А.* Пространство возможностей. – Бишкек, 1999. – 388 с.
2. *Гобозов И.А.* Философия политики. – М., 1998. – 154 с.
3. *Исмаилов А.И.* Философия духа кыргызского народа. – Бишкек, 2002. – 272 с.
4. *Тихонравов Ю.В.* Геополитика. – М., 1998 – 368 с.
5. *Шаповалов В.Ф.* Основы философии современности. К итогам XX века. – М., 1998. – 272 с.